## Мектептин проблемасы:

Гумандуу педагогикалык принциптерге таянып окуу жана тарбиянын билим сапатын жогорулатуу.

## 2020-2021-окуу жылындагы максаттар

1. Окутуунун мазмунун жакшыртуу максатында ОТЖП боюнча жана инсанга багытталган окутуу методун кеңири пайдалануу менен түрткү берүүчү төлөм аркылуу иш-чарага карата окуучулардын билим сапатын жогорулатуу;
2. Окуучуларды компьютердик класста окутуу жана кошумча кружокторду акысыз өткөрүү;
3. Спорт иш-чараларынын жыйынтыгынын жоктугуна байланыштуу спорт оюндарын жандандыруу жана ар кандай кружокторду өтүү. Райондук,
облустук деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга катышуу, жыйынтык берүү;
4. Мектепте предметтик кабинеттерди жашылдандыруу;
5. Окуучуларга сапаттуу билим берүү, бакубат жашоого умтулуу;
6. Мектепти жетишпеген окуу китептери менен камсыз кылуу;
7. Үй-бүлө ичинде ар бир окуучунун жоопкерчилигин арттыруу максатында балалык парзын аткаруу зарылдыгын туюундуруу;
8. Окуучуларга кесиптик багыт берүү;
9. Окуучулардын билим сапатын арттырууда окуу жылынын жыйынтыгынын негизинде быйылкы окуу жылында таланттуу балдар менен кошумча сабактарды өткөрүү, райондук,облустук олимпиадаларга катышуу;
10. ЖРТдөн жогорку көрсөткүчкө жетүү үчүн окуучуларды жеткиликтүү деңгээлде даярдоо;
11. Окуучуларды аралыктан окутууда мугалимдердин жоопкерчилигин арттыруу,кайтарым байланышты жеткиликтүү деңгээлде жүргүзүү;
12. Күндөлүк программасын колдонууну жайылтуу жана эффективдүүлүгүн көзөмөлдөө;